КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**31.05.2022 ж № 5** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айыл аймагында кызыл сызыктан ашып, жер участокторун өз билемдик менен кеңейтип, ар кандай курулуштарды куруп алган жарандарга чара көрүү жана ал жерлерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, калыбына келтирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндөгү” Кодексинин 96, 119, 120, $120^1$ - беренелерин жетекчиликке алып жана Кыргыз Республикасынын “Шаар – курулуш жана архитектура жөнүндөгү Мыйзамынын 45-беренесин негизинде жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги ПЖ №109 «Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндөгү” Жарлыгын аткаруу максатында, Боо-Терек айылдык аймактык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндөгү” Кодексинин 96, 119, 120, $120^1$ - беренелерин жетекчиликке алып жана Кыргыз Республикасынын “Шаар – курулуш жана архитектура жөнүндөгү Мыйзамынын 45-беренесин негизинде жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги ПЖ №109 «Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндөгү” Жарлыгын аткаруу боюнча Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы тез арада иш жүргүзсүн. Боо-Терек айыл аймагында кызыл сызыктан ашып, жер участокторун өз билемдик менен кеңейтип, ар кандай курулуштарды куруп алган жарандар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мыйзам чегинде кечиктирилгис чаралар көрүлсүн.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кубанычбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**